# Күндөлүк сабактын планы

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**Сабактын аталышы: Кыргыз адабияты . Класс 5-в ( окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстар үчүн) Мугалими : Ысакова Г.Ы.**

**Сабактын темасы: “Атадан калган туяк” аңгемеси**

| Негизги компетенттүүлүктөр: | Предметтик компетенттүүлүктөр: |
|---|---|
| НК 1. Маалыматтык | ПК 1. Тил таануучулук ( грамматика) |
| НК 2. Социалдык-коммуникативдик | ПК 2. Кептик (коммуникативдик) (оозеки) |
| НК 3. Өзүн-өзү уюштуруу ж-а көйгөйлөрдү чечүү | ПК 3. Маданият таануучулук ( тарбиялык) |

| Сабактын максаты: | Сабактын көрсөткүчтөрү: Окуучулар максатка жетет деп билсек болот , эгерде алар: |
|---|---|
| 1. Билим берүүчүлүк : ”Атадан калган туяк” аңгемесинин мазмуну менен таанышышат. | 1. “Атадан калган туяк” аңгемесинин мазмуну менен таанышышса. |
| Чыгарманы мазмуну аркылу у ынтымактуулуктун, | Чыгарманын мазмуну аркылуу ынтымактуулуктун, ата-эне менен баланын ортосундагы мамиленин |
| ата-эне менен баланын ортосундагы мамиленин берилишин түшүнөт. | берилишин түшүнүшсө. |
| | |
| 2. Өнүктүрүүчүлүк: | |
| Суроолорго жооп берүү менен түшүнүгүн кеңейтет. Сөздүк иши | 2. Суроолорго жооп берүү менен түшүнүгүн кеңейтсе. Сөздүк |
| аркылуу кыргыз тилинде эркин сүйлөөгө көнүгөт. | иши аркылуу кыргыз тилинде эркин сүйлөөгө көнүксө. |
| | |
| 3. Тарбия берүүчүлүк: | 3 Окуучулар ынтымактуулукка, боорукерликке, адептүүлүккө, |
| Окуучулар ынтымактуулукка, боорукерликке, адептүүлүккө, ата- | ата-энени сыйлоого, биримдүүлүккө, жолдоштору менен туура |
| энени сыйлоого, биримдүүлүккө, жолдоштору менен туура мамиледе | мамиледе болууга тарбияланышса. |
| болууга тарбияланышат. | |

**Сабактын тиби:** **Жаңы билим берүү.**

**Сабактын формасы:** **Өз алдынча, топтордо иштөө**

**Сабакта колдонулган интерактивдүү ыкмалар:** **Талкуу (дискуссия)**

**Сабактын жабдылышы, каражаттар:** **Темага карата көрсөтмөлөр, сүрөттөр , ТК, музыка, кино жана адабият.**

**Сабактын жүрүшү:**

| № | Сабактын этаптары | Убакты-сы | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | НК ПК | Баа-лоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу (Мотивация) | 2 | Саламдашуу, жагымдуу маанай түзүү, окуучуларды белгилөө, сабакка даярдыгын текшерүү. Мугалим өтүлгөн темалар боюнча суроолорду берүү менен кыскача аңгеме жүргүзөт. | Нөөмөтчү билдирүү жасайт, сабакка даяр болушат. Окуучулар берилген суроолорго жооп берүү менен аңгеме жүргүзүшөт. | НК2 | |
| 2 | Окуучулардын билимин актуалдаштыруу<br><br>Үй тапшырма | 6 | Окуучулардын тапшырма аткарудагы жакшы жана кемчиликтерин аныктайт. Ошого жараша кеңештерди айтат. Үй тапшырмасына кошумча маалыматтарды берет. | Мугалимдин суроолоруна жооп беришет. Тапшырманын аткарылышына көңүл бөлүшөт. Аткарып келген тапшырмаларын көрсөтүшөт. Айтып беришет. | НК3 | |
| 3 | Сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү | 2 | Сабактын максатын , турмуштук маанисин ачып берет.Жаңы теманы доскага жазат. Окуучулардын билимдерин активдештирүүгө аракет жасайт. | Сабактын максатын түшүнүп, берилген суроолорго жооп беришет, акылга чабуул жасашат, талкуулашат. | НК1 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **натыйжалар менентааныштыруу** | | | | | |
| **4** | **Жаңы теманы түшүндүрүү**<br><br><br>**Жаңы сөздөр** | **20** | **Мугалим окуучуларга кыскача аңгеме боюнча маалымат берет. Авалбек 5-6 жаштагы бала. Апасы Жээнгүл менен жайкысын кашарга кой кыркынга барат. Апасы Жээнгүл кыштакта телефонистка болуп иштейт. Авалбек атасын көргөн эмес.Ал курсакта кезинде согушка кетип, кайтпай калган.**<br>**Тасманы көрсөтүү. Түрү көркөм фильм. Созулушу 30 мүнөт. Тасма көрсөтүлгөндөн кийин иштелчү тапшырмалар:**<br>**1. Авалбек кыркынга эмне үчүн келчү эле?**<br>**2. Жээнгүл ал жерде эмне иш иштечү?**<br>**3. Көчмө кинону кантип сүйүнчүлөдү?**<br>**4. Кино эмне жөнүндө экен?**<br>**5. Алгач согуш Авалбекке кандай таасир этти?**<br>**6. Замбирекчилер эмне кылышты?**<br>**7. Алардын арасында ким бар эле?**<br>**8. Ал кинодогу жоокерди эмне үчүн атам деп ойлоду?**<br>**9. Ал атасы экендигин кантип ырастады?**<br>**10. Жоокер кандай эрдик көрсөттү?**<br>**11. Кинотасма токтогондо Авалбек эмне кылды?**<br>**12. Анын ачылышын достору жана эл кандай кабыл алды?**<br>**13. Силер Авалбектин абалын кандай баалайсыңар?** | **Окуучулар тасманы көрүшөт. Чакан топторго бөлүнүү менен талкуу жүргүзүшөт. Бири-бирине суроо менен кайрылышат.** | **НК1**<br><br>**НК3** | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | Сабакты бышыктоо<br><br>Кайтарым байланыш | 10 | Топторго бөлүп иштетем. Ойлонуу баскычы:<br>1-топ: Тасманы кыскача ролдоштуруп берет.<br>2-топ: “Ал менин атам болчу” деген темада кыскача аңгеме жазышат.<br>3-топ: Пирамида түзүшөт.<br>Суроолор аркылуу теманы жыйынтыктоо, турмуштук маанисин алып чыгуу.<br>Билем: билдим: билгим келет: | Окуучулар тапшырманы аткарышат. Суроолорго жооп беришет, башкалардын жоопторун угушат, жыйынтык чыгарышат жана салыштырышат. | ПК2 | |
| 6 | Сабакты жыйынтыктоо<br><br>Баалоо (форм-к, суммат-к, калып-чу) | 3 | Бүгүнкү сабактан кандай жаңы маалыматтарды алдыңар?<br>Максатыбызга жеттикпи?<br>Тактайлы, баалайлы.<br><br>Жооп берген деңгээлине жараша бааланат. | Сабактын максаттарын аныкташат.<br><br>Өз билим деңгээлин аныктайт. | ПК3 | |
| 7 | Үйгө тапшырма берүү | 2 | Аңгемени окуп келишет. Макалдарды чечмелегиле: 1. Атаны сыйлаган абийир табат. Энени сыйлаган элге жагат.<br>2 Бала жакшысы – атанын даңкы,<br>Кыз жакшысы – эненин баркы.<br>3 Атаң өлсө тайлак бар, кому жерде калган жок.<br>4 Ата баласы – тон жакасы. | Карайт, өзүнө белгилеп алышат жана күндөлүктөрүнө жазып алышат. Эгерде түшүнүксүз суроолор пайда болсо сурашат. | НК2 | |

**Ойлонуу баскычы:** **1- топ Тасмадан үзүндү ролдоштуруу.**

**2-топ Тема: "Ал менин атам болчу" аңгеме.**

**3- топ "Пирамидалык окуя":**

**1-сапта 1 сөз, каармандык аты-жөнү.**
**2-сапта 2 сөз, каармандын мүнөзү.**
**3-сапта 3 сөз, окуя кайсы жерде болгон.**
**4-сапта 4 сөз, окуянын проблемасы эмне?**
**5-сапта 5 сөз, 1-окуяны сүрөттөйт (проблемалык себебин билдирет).**
**6-сапта 6 сөз, 2-окуяны сүрөттөйт (каармандын мамилелерин көрсөтөт).**
**7-сапта 7 сөз, 3-окуяны сүрөттөйт (проблеманын чечилишин көрсөтөт).**
**8-сапта 8сөз, проблеманын чечилиши.**

**Пирамида**

**1.**________________________________________
**2.**__________________________________________________________
**3.**_______________________________________________________________
**4.**_____________________________________________________________________
**5.**_________________________________________________________________________
**6.**________________________________________________________________________________
**7.**___________________________________________________________________________________
**8.**_______________________________________________________________________________________

## Мугалимдин өз сабагына анализ берүүсү.

Мен Ысакова Гульмира Ырыскуловна, бүгүнкү 5-г класстын кыргыз адабияты сабагында Ч.Айтматовдун “Атадан калган туяк” аңгемесин өттүм. Бул тема окуу программасында каралган, календардык планым боюнча күнүнө туура келет.

### 1.Сабактын максаттары боюна:

Бүгүнкү сабагымды максатына жеткирүүдө окуучуларга түшүндүрүү үчүн төмөнкүдөй 3 багытта, башкача айтканда, билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк максаттарын туура коюп алууну пландадым.

Билим берүүчүлүк максатында:

Окуучулар жаңы билимдерди өздөштүрөт, билимдерин билген көндүм темалары аркылуу үйрөнүшөт, ар кандай кырдаалда сүйлөшө алышат.Чыгарманын мазмуну аркылуу ынтымактуулуктун ата-эне менен баланын ортосундагы мамиленин берилишин түшүнөт.

Өнүктүрүү максаттарында:

Суроолорго жооп берүү менен түшүнүгүн кеңейтет. Сөздүк иш аркылуу кыргыз тилинде эркин сүйлөөгө көнүгөт. Чыгармадагы адамдардын жашоосу аркылуу дүйнөнү таанууга болгон кызыкчылыктарын ойготушат.

Тарбия берүүчүлүк максаттары:

Окуучуларды негизги дүйнө таанууга кызыккан жөндөмүн, идеяларын, ынтымактуулукка, боорукерликке, адептүүлүккө, ата-энени сыйлоого, биримдүүлүккө, жолдоштору менен туура мамиледе болууга тарбияланышат.

## 2.Сабактын эффективдүү өтүлүшү үчүн төмөнкү багыттар каралды:

Сабакка коюлган үч багыттагы максаттардын туура коюлушунан улам, окуучулар сабакты туура түшүнүүгө багыт алышат.

Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү;

Колдонулган ыкма: Талкуу (дискуссия) аркылуу изденүүчүлүк менен проблемалык суроолорду чечип алууга шарт түзүү менен өз алдынча иштөө;

Сабактын формасы: Өз алдынча, топтордо иштөө, коллективдүү, жалпы класста окутуу, түшүндүрүү менен жүргүзүлөт.

Теманын мазмунун ачууда окуучуларга туура түшүндүрүү үчүн сабактын негизги этаптарын сактоого аракеттендим.

Сабагымды баштаарда жаратылышка кайрылып, табышмактарды айтып ойлондуруп, окуучулардын маанайын ачып алууга, класста көңүлдүү психологиялык жагдай түзүүгө аракеттендим. Себеби көңүлдүү, сергек отурган окуучу сабакты дити менен түшүнүүгө аракеттенет. Мунун натыйжасында өтүлгөн сабагым эффективдүү убакыт рационалдуу колдонулат.

## 3.Окуу материалындагы сабактын мазмуну сабактын этаптары менен ачылышы.

Окуучуларга теманы туура, жеткиликтүү берүү максатында видео тасма “Атадан калган туяк” көркөм фильмин тартуулоо менен издендим.

Окуучулар тасманы көргөндө дүйнөнү таанууга болгон көз караштарын өнүктүрүүгө, “миң укпандан, бир көргөн” өтө таасирдүү экендигине ынандым. Себеби, балдар тасмадан көргөндөрү боюнча ой жүгүртүүгө жакшы катышышты. Интерактивдүү ыкманын натыйжалуулугу окуучуларды топко бөлүп алып иштеткен учурда алар тапшырмаларды жакшы чечмелешип, так-таамай сабакты өздөштүргөндүктөрүн байкадым. Сабакты бышыктоодо окуучулар топторго бөлүнүп берилген тапшырмаларды өзгөчөлүк менен аткарып беришти.

Бүгүнкү сабагымдын негизги мазмунун ачууда окуучулар менен толук иштеп, проблемалуу суроолорду коюп, изденип отурдум.

Андан кийин үй тапшырмага макалдардын мазмунун чечмелеп келесиңер деген тапшырма бердим. Анан аңгемени окуп айтып берүүгө даярданып келишет.

Сабакты өтүүдө окуучулар менен иштөөгө, алардын ички дүйнөсүндөгү кызыгууларын тереңирээк билүүгө, изилдөөгө, туура өздөштүрүүгө багыт берүү менен иш стилимдеги негизги максатыма жеттим деп ойлойм.

Класс активдүү, жандуу, дилгир балдар болгондуктан, сабагымда пландалган максатыма жеттим. Көңүл бурганыңыздарга чоң ыракмат.

## Күндөлүк сабактын планы

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**Сабктын аталышы: Кыргыз тили (мам. тил) Классы 7-в. Чейреги 3**

**Сабактын темасы: Сүйлөмдүн ээси. Главный член предложения- подлежащее.**

| **Негизги компетенттүүлүктөр:** | **Предметтик компетенттүүлүктөр:** |
|---|---|
| **НК 1. Маалыматтык** | **ПК 1. Тил таануучулук ( грамматика)** |
| **НК 2. Социалдык-коммуникативдик** | **ПК 2. Кептик (коммуникативдик) (оознки)** |
| **НК 3. Өзүн-өзү уюштуруу ж-а көйгөйлөрдү чечүү** | **ПК 3. Маданият таануучулук ( тарбиялык)** |

| **Сабактын максаты:** | **Сабактын көрсөткүчтөрү: Окуучулар максатка жетет деп билсек** |
|---|---|
| **1. Билим берүүчүлүк: Окуучулар сүйлөмдүн ээси боюнча** | **болот эгерде алар:** |
| **маалымат алышат. Ээ – сүйлөмдүн баш мүчөсү, маантст жана** | **1.Сүйлөмдүн ээси боюнча маалымат алышса. Ээ – сүйлөмдүн баш** |
| **грамматикалык жактан баяндооч менен байланышып турарын** | **мүчөсү, мааниси жана грамматикалык жактан баяндооч менен** |
| **билип алышат.** | **байланышып турарын билип алышса.** |
| | |
| **2. Өнүктүрүүчүлүк: Тема аркылуу элестетүүсү, эске сактоосу,** | **2.Тема аркылуу элестетүүсү, эске сактоосу, кабыл алуусу, чыгар-** |
| **кабыл алуусу, чыгармачылыгы, сүйлөө маданияттуулугу, ой жүгүр-** | **мачылыгы, сүйлөө маданияттуулугу, ой жүгүртүүсү, кол жазма** |
| **түүсү, кол жазма сулуулугу, катасыз, таза жазууга калыптанат.** | **сулуулугу, катасыз, таза жазууга калыптанса.** |
| | |
| **3. Тарбия берүүчүлүк:** | **3.Кыргыз тилин сыйлоого жана нукура кыргызча сүйлөөгө, патриот-** |
| **Кыргыз тилин сыйлоого жана нукура кыргызча сүйлөөгө,** | **туулукка, сулуу, катасыз жазууга, сүйлөө маданияттуулукка тарбиялан-** |
| **патриоттуулукка , сулуу, катасыз жазууга, сүйлөө маданияттуулукка** | **ышса.** |
| **тарбияланышат.** | |
| | |

**Сабактын тиби : Жаңы  билим берүү.**

**Сабактын формасы: Аралаш**

**Сабакта колдонулган  ыкмалар: Текст менен иштөө, интерактивдүү.**

**Сабактын жабдылышы, каражаттар:  Темага карата көрсөтмөлөр, карточкалар.**

**Предмет аралык байланыш: Адабият.**

**Сабактын жүрүшү:**

| № | Сабактын этаптары | Убакты-сы | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | НК ПК | Баа-лоо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Уюштуруу (Мотивация) | 2 | Саламдашуу, жагымдуу маанай түзүү, окуучуларды белгилөө, сабакка даярдыгын текшерүү. | Нөөмөтчү билдирүү жасайт, сабакка даяр болушат. | НК2 | |
| 2 | Окуучулардын билимин актуалдаштыруу<br><br>Үй тапшырма | 5 | Окуучулардын тапшырма аткаруудагы жакшы жагын жана кемчиликтерин аныктайт. Ошого жараша кеңештерди айтат. Үй тапшырмасына кошумча маалыматтарды берет. | Мугалимдин суроолоруна жооп беришет. Тапшырманын аткарылышына көңүл бурушат. Аткарып келген тапшырмаларын көрсөтүшөт.”Мен дарыгер болгум келет” деген темада түзүп келген текстин окуп беришет. | НК3 | |
| 3 | Сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү | 2 | Сабактын темасы, максаты жана күтүлүүчү натыйжалар менен тааныштырат. Жаңы теманы доскага жазат, окуучулардын билимдерин активдештирүүгө аракет жасайт. | Окуучулар сабактын темасын, максатын угат жана түшүнүшөт. Берилген суроолорго жооп беришет, акылга чабуул жасашат. | НК1 | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | натыйжалар менен тааныштыруу | | Мугалим тема боюнча кыскача маалымат берет. | | | |
| 4 | Жаңы теманы түшүндүрүү<br><br>Жаңы сөздөр | 15 | Мугалимдин сөзү: Ээ – сүйлөмдүн баш мүчөсү, мааниси жана грамматикалык жактан баяндооч менен байланышып турат. Ээ атооч жөндөмөсүнүн ким? эмне? кимдер? Эмнелер? Деген суроолоруна жооп берет. Мисалы: В.А.Моцарт симфония, серенада жана ырларды жазган. Ким симфония, серенада жана ырларды жазган? В.А.Моцарт.<br><br>Көнүгүүлөрдү иштөө.<br>180- көнүгүү.<br>"Манас" – кыргыз элинин баатырдык эпосу. Ким? Манас.<br><br>181-көнүгүү.<br>"Манас" эпосу менен кыргыз эли сыймыктанат. Ким? кыргыз эли.<br><br>182-көнүгүү.<br>Манас ата бүткүл өмүрүн Ата Мекенин коргоого арнаган. Ким? Манас ата. | Окуучулар сүйлөмдүн ээси боюнча маалымат алышат. Ээ – сүйлөмдүн баш мүчөсү, мааниси жана грамматикалык жактан баяндооч менен байланышып турарын билип алышат. Мисалдарды келтире алышат.<br><br>Текстти окушат да, анын алдындагы берилген жаңы сөздөрдү сөздүккө көчүрүшөт. Сүйлөм ээлерин табышат. Жаңы сөздөрдү жатташат.<br><br>Сөздөрдү байланыштырып сүйлөмдөрдү түзүп, суроо берүү менен сүйлөмдүн ээсин табышат.<br><br>Сүйлөмдөрдү маанисине карай толукташат жана сүйлөмдөрдүн ээсин суроо берүү аркылуу табышат. | НК1<br><br>НК3 | |
| 5 | Сабакты бышыктоо<br><br>Кайтарым байланыш | 15 | Мугалим окуучулардын билимдерин текшерүү максатында суроолорду берет.<br>1. Кыргыз элинин баатырдык эпосу эмне леп аталат?<br>2. Бул дастанда ким жөнүндө баяндалат?<br>3. Улуу эпос кандай казына?<br>4. Эпос канча бөлүмдөн турат?<br>5. Эпос жөнүндө дагы кандай маалыматтарды билесиңер? | Окуучулар топторго бөлүнүп карточкаларга жооп берүү менен сөз байлыктарын өстүрүүгө, өз оюн эркин айтууга багыт алат. | НК2 | |

<table>
<tr><td>6</td><td>Сабакты жыйынтыктоо<br><br>Баалоо (форм-к, суммат-к, калып-чу)</td><td>3</td><td>Бүгүнкү сабактан кандай жаңы маалыматтарды алдыңар?<br>Максатыбызга жеттикпи?<br>Тактайлы, баалайлы.<br><table><tr><td>Билем</td><td>Билдим</td><td>билгим келет</td></tr><tr><td></td><td></td><td></td></tr></table>Жооп берген деңгээлине жараша бааланат.</td><td>Суроолорго жооп беришет, башкалардын жоопторун угат, жыйынтык чыгарышат жана салыштырышат.<br><br>Өз билим деңгээлин аныктайт.</td><td>НК2<br><br>НК2</td><td></td></tr>
<tr><td>7</td><td>Үйгө тапшырма берүү</td><td>2</td><td>Жаңы сөздөрдү жаттап келүү. Тапшырманы көрсөтөт, түшүндүрөт, күндөлүктөрүнө жазууну сунуштайт.</td><td>Карайт, өзүнө белгилеп алышат. Түшүнбөгөн сөздөрүн сурашат.</td><td></td><td></td></tr>
</table>

## Мугалимдин өз сабагына анализ берүүсү.

Мен Ысакова Гульмира Ырыскуловна, бүгүнкү 7-в класстын кыргыз тили сабагында Сүйлөмдүн ээси деген теманы өттүм. Бул тема окуу программасында каралган, календардык планым боюнча күнүнө туура келет.

### 1.Сабактын максаттары боюна:

Бүгүнкү сабагымды максатына жеткирүүдө окуучуларга түшүндүрүү үчүн төмөнкүдөй 3 багытта, башкача айтканда, билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк максаттарын туура коюп алууну пландадым.

Билим берүүчүлүк максатында:

1) Окуучулар сүйлөмдүн ээси боюнча маалымат алышат. Ээ – сүйлөмдүн баш мүчөсү, мааниси жана грамматикалык жактан баяндооч менен байланышып турарын билип алышат.

Өнүктүрүү максаттарында:

2) Тема аркылуу элестетүүсү, эске сактоосу, кабыл алуусу, чыгармачылыгы , сүйлөө маданияттуулугу, ой жүгүртүүсү, кол жазма сулуулугу, катасыз, таза жазууга калыптанат.

Тарбия берүүчүлүк максаттары:

3) Кыргыз тилин сыйлоого жана нукура кыргызча сүйлөөгө, патриоттуулукка, сулуу, катасыз жазууга, сүйлөө маданияттуулукка тарбияланышат.

### 2.Сабактын эффективдүү өтүлүшү үчүн төмөнкү багыттар каралды:

Сабакка коюлган үч багыттагы максаттардын туура коюлушунан улам, окуучулар сабакты туура түшүнүүгө багыт алышат.

Сабактын тиби: Жаңы билимди өздөштүрүү;

Колдонулган ыкма: Текст менен иштөө, интерактивдүү.

Сабактын формасы: Аралаш

Теманын мазмунун ачууда окуучуларга туура түшүндүрүү үчүн сабактын негизги этаптарын сактоого аракеттендим.

Сабагымды баштардын алдында окуучулардын маанайын ачып алууга, класста көңүлдүү психологиялык жагдай түзүүгө аракеттендим. Себеби көңүлдүү, сергек отурган окуучу сабакты дити менен түшүндүрүүгө аракеттенет. Мунун натыйжасында өтүлгөн сабагым эффективдүү убакыт рационалдуу колдонулат.

## 3.Окуу материалындагы сабактын мазмуну сабактын этаптары менен ачылышы.

Окуучуларга теманы туура, жеткиликтүү берүү максатында мен суроолор менен түзүлгөн карточкаларды пайдаландым.Суроолорду берүү менен окуучулар Мана баатыр жөнүндө түшүнүк ала алышты. Интерактивдүү ыкманын натыйжалуулугу окуучуларды топко бөлүп алып иштеткен учурда алар тапшырмаларды жакшы чечмелешип, так-таамай сабакты өздөштүргөндүктөрүн байкадым. Сабакты бышыктоодо окуучулар топторго бөлүнүп берилген тапшырмаларды өзгөчөлүк менен аткарып беришти.

Бүгүнкү сабагымдын негизги мазмунун ачууда окуучулар менен толук иштеп, проблемалуу суроолорду коюп, изденип отурдум.

Андан кийин үй тапшырмага жаңы сөздөрдү жаттап келүүнү бердим. Жаңы сөздөрдү жаттоо менен окуучулар сөз байлыктарын өстүрүшөт.

Сабакты өтүүдө окуучулар менен иштөөгө, алардын ички дүйнөсүндөгү кызыгууларын тереңирээк билүүгө, изилдөөгө, туура өздөштүрүүгө багыт берүү менен иш стилимдеги негизги максатыма жеттим деп ойлойм.